ТалМУнун Окуумуштуулар Кеңешинде                «БЕКИТЕМИН»

каралып «ЖАКТЫРЫЛГАН»                ТалМУнун ректору А. Упенов

«31» 05 2016 ж                «31» 05 2016 ж

# БАКАЛАВРИАТ АДИСТИКТЕРИНИН ОКУУ СЕССИЯСЫНЫН ӨТКӨРҮҮ ЖАНА АКАДЕМИЯЛЫК КАРЫЗДАРДЫ ЖОЮУ БОЮНЧА

# Ж О Б О С У

## 1. ЖАЛПЫ БӨЛҮМ

1.1. Жобо КРнын өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августунда кабыл алынган " Кыргыз Республикасында эки деңгээлдүү жогорку кесиптик билим берүүнү киргизүү" токтомуна ылайык жана "ТалМУнун кредиттик окутуу технологиясында модуль - рейтинг системасын колдонуу эрежесинин (жобосунун) " негизинде түзүлдү.

1.2. Бакалавриат – студенттин бакалавриаттык билим берүүдөгү негизги программаларын ийгиликтүү өздөштүргөнүн жана жыйынтыктоочу аттестацияны ийгиликтүү өткөндүгүн тастыктаган жогорку кесиптик билим берүүнүн биринчи деңгээли.

1.3. Бакалавр – бакалавриаттын өзүнүн тандап алган адистиги боюнча окуу программаларын өздөштүргөн жана өздөштүрүп жаткан студент.

1.4. Бакалавриаттын программалары боюнча окутуу ар бир адистердин бекитилген окуу пландары жана окуу процессинин графиктери боюнча жүргүзүлөт.

1.5. Студенттердин өз алдынча иштөөсү жалпы расписаниеге коюлбайт, ал окутуучу тарабынан берилген жеке тапшырмасынын негизинде жүргүзүлөт.

1.6. Студенттин бир окуу жылындагы кредиттик окуу жүктөмү – 60, ар бир окуу семестрде – 30 кредит өлчөмүндө белгиленип бекитилген.

1.7. Окутуучу кредиттик тапшырмалардын тапшыруу жолун, убактысын, эрежесин жана баалоо системасын курсту окурдун алдында предметтик окутуучунун силлабусунда көрсөтүлөт.

1.8. Университет окуу процессин бардык зарыл маалыматтык булактар менен толук көлөмдө камсыз кылуу менен студенттерге тиешелүү шарттарды түзүп берүүсү зарыл.

## 2. КАТАРДАГЫ ӨТҮЛҮҮЧҮ СЕССИЯДАГЫ КРЕДИТТЕН КУТУЛУУ

2.1. Кредиттик окутуу технологиясы – негизинен эки "күзгү" жана "жазгы" семестрде жүргүзүлөт. Үчүнчү "жайкы" семестр кошумча түрдө керектүү учурда уюштурулат.

2.2. Студент кредиттик тапшырмаларды аткаруу менен семестрдеги "жыйынтык" баасын автоматтык түрдө ала алат.

2.3. Студенттин топтогон баллдарды каттоо үчүн окутуучулардын өздүк китепчеси болуусу зарыл.

2.4. Студенттердин кредиттик тапшырмаларды аткаргандыгын дастыктаган материалдар окутуучуларда тиешелүү окуу жылы боюу сакталуусу талап кылынып милдеттендирилет.

2.5. Катардагы сессиядагы окуу сабактарынын кредиттеринен кутулуу атайын иштелип чыгып бекитилген "КРЕДИТТИК ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫНДА МОДУЛЬ - РЕЙТИНГ СИСТЕМАСЫН КОЛДОНУУ ЭРЕЖЕСИ (ЖОБОСУ)"- жобонун негизинде жүргүзүлөт.

2.6. Үчүнчү семестрден кредиттен кутула албай калган студенттер кийинки окуу жылында жогорку курста окуусун улантуу менен жетишпей калган предметтик дисциплиналарын негизги расписаниядан тышкаркы убакта кайра окуп тапшырууга мүмкүнчүлүк алышат.

2.7. Кредиттен кутула албаган предметти кайра-кайра окууга чек коюлбайт, бирок ар бир кайталап окуусуна кайрадан кызмат көрсөтүү акысы төлөнөт.

## 3. АКАДЕМИЯЛЫК КАРЫЗДАГЫ КРЕДИТТЕН КУТУЛУУ

3.1. Бакалавриат адистиктери үчүн академиялык карызы бар студенттерге жеке жүгүртмө баракча берилбейт. Академиялык карыз болгон предметти студент үчүнчү семестрде кайрадан окуп, сынак тапшыруу менен карыздан кутулат.

3.2. Үчүнчү семестр студент кандай негизде (бюджет, контракт) окуганына карабастан, өздөштүрүлбөгөн тиешелүү предметтин көлөмүнө жараша акы төлөө менен жүргүзүлөт.

3.3. Студенттерге кызмат көрсөтүү акысы (кредиттик төлөм) - $C_к$ төмөндөгү формула менен аныкталат:

$$C_к = \frac{K_{ж}}{O_{ж}} \qquad (1)$$

$K_{ж}$ - студенттин жылдык контракттык төлөмү, сом,

$O_{жс}$ – окуу программасынын жылдык жүктөмү, кредит ($O_{жс}$ = 60 кредит).

Окутуучулардын айлык акылык фонддуна бөлүнүүчү төлөм төмөндөгү формула менен аныкталат:

$$C_{ак} = C_{к}\eta_{ак} \qquad (2)$$

$\eta_{ак}$ - айлык акылык фонддун коэффиценти.

Окутууларга төлөөнүүчү орточо сааттык төлөм төмөндөгү формула менен аныкталат:

$$C_{т} = \frac{C_{ак}}{K_{с}} \qquad (3)$$

$K_с$ – студенттин 1 кредит карызын тапшырууга сарпталган академиялык саат.

Студенттин карызын тапшырууга сарпталган академиялык саат шартка жараша өзгөрүшү мүмкүн.

3.4. Үчүнчү семестрде предмет боюнча академиялык карызы бар студенттердин саны 5 тен ашканда окуу группасы ачылат.

3.5. Эгерде предмет боюнча академиялык карызы бар студенттердин саны 5ке жетпесе, анда ал предметти тапшыруу жеке тартипте деканат тараптан түзүлгөн график боюнча жүргүзүлөт. Анда предметтин аты, сабактын түрү, көлөмү, окутуучунун аты-жөнү, сабак өтүлүүчү күн, сабак өткөн окутуучунун кол белгиси, декандын кол белгиси жана деканаттын мөөрү болушу керек.

3.6. Окутуучу студенттин карыз *бир кредитин* кабыл алуу үчүн 1,5 академиялык саат - аудиториялык сабак, 1 академиялык саат - жеке консультация, баардыгы болуп 2,5 академиялык саат кайрадан өтөт. Карыз кредиттерди кабыл алуунун структурасы (лекция, лабораториялык, практикалык, семинардык иш) окутуучу тарабынан предметке жараша аныкталып, кафедрада бекитилет. Окутуучуга төлөм ЖОЖ окутуучуларына төлөнүүчү сааттык тарифтин негизинде жүргүзүлөт.

3.7. Предмет боюнча академиялык карызы бар студенттер аз санда болгондо кредиттен кутулуу убактысы жазгы сессиядан кийин уюштурулган үчүнчү сессия мезгилинде же кадимки окуу процесси жүргөн убакта жүргүзүүгө болот. Окуу сессиясы учурунда кредиттен кутулуу сөзсүз сабактан сырткары мезгилде жүргүзүлөт.

3.8. Үчүнчү сессиянын жыйынтыгы менен сынак алуу борборлоштурулган түрдө компьютердин жардамы менен жана ошондой эле бланкалык жазуу жүзүндө тестирлөө формасында жүргүзүлөт.

3.9. Үчүнчү сессиянын сынагы "тестирлөө борборунда" *деканаттын,*

*окуу бөлүмүнүн жана кафедранын өкүлдөрүнөн* түзүлгөн комиссия курамынын катышуусу менен жүргүзүлөт.

3.10. Ар бир окутуучу өзүнүн предмети боюнча текшерүүчү тестти түзүп аны кафедраданын отурумунда карап талкууга алып бекитип туруп окуу бөлүмүнө тапшыруусу милдеттендирилет.

3.11. Тесттирлөө бөлүмүндө видео көзөмөл орнотуу администрацияга милдеттендирилет.

3.12. Аралыктан билим беруу технологиялар *борборунда* студенттер үчүн тесттерди тапшырууга машыгуу үчүн шарт түзүлөт.

3.13. Студенттердин кредиттен кутулуусун шарттоо үчүн тестирлөө борборунда жыл бою атайын график менен комиссия иштейт.

3.14. Студент жеке же группа менен окуп даярданып бүткөндөн кийин тестирлөө борборуна келип сынак тапшырууга милдеттүү.

3.15. Академиялык карызы бар студент тестирлөө жүргүзгөн күнү дежур болгон комиссия кредиттен кутулуу протоколун толтуруп, сынак "оң натыйжалуу" жана "терс натыйжалуу" болгонуна карабастан комиссия катчысы деканатка тапшырат. Анда сынак тапшырган студенттин жана андан сырткары 3 комиссия мүчөлөрүнүн колу болуусу керек. Комиссия мүчөлөрүнө болгон төлөм бир кредиттен 0,5 саат өлчөмүндө сааттык тарифтин негизинде жүргүзүлөт.

3.16. Эгерде студент окуу жылдын жыйынтыгы боюнча предметтерден (белгиленген убакыттын ичинде академиялык карыздарды жоюу мүмкүнчүлүгүн негизинде) 45 кредиттен кем кредит топтосо, анда ал студент окуудан чыгарылат же кайрадан ошол курста окуусун улантат.

3.17. Эгерде студент 45 кредиттен жогору 60 кредиттен аз кредит топтосо, анда ал окуу жайдын жетекчисинин уруксаты менен кийинки курска которула алат. Бул учурда студент тапшырбаган кредиттерди кийинки окуу жылында тапшырышы керек.

Окуу бөлүмү ____________________________

Экономика бөлүмү____________________________

Приложение

# ПОРЯДОК ПРОВЕДЕНИЯ АПЕЛЛЯЦИЙ

1. По результатам экзамена (промежуточная аттестация) обучающийся имеет право подать на имя декана факультета письменное апелляционное заявление о нарушении, по его мнению, установленного порядка проведения экзамена и (или) несогласии с его результатами. Для проведения апелляции создается апелляционная комиссия в составе: декан факультета, заведующий кафедрой и преподаватель кафедры.

2. В случае проведения экзамена в письменной форме обучающийся может ознакомиться со своей работой в присутствии комиссии. В случае проведения устного экзамена рассматривается лист устного ответа обучающегося.

3. Рассмотрение апелляции не является пересдачей экзамена. В ходе рассмотрения апелляции проверяется только правильность оценки результатов его сдачи.

4. Апелляция подается обучающимся лично в день объявления оценки по экзамену.

5. Обучающийся имеет право присутствовать при рассмотрении апелляции.

6. При рассмотрении апелляции о несогласии с результатами промежуточной аттестации апелляционная комиссия выносит одно из следующих решений:
-об отклонении апелляции и сохранении результата экзамена;
-об удовлетворении апелляции и выставлении иного результата экзамена.
Решение апелляционной комиссии является основанием для аннулирования ранее выставленного результата экзамена и выставления нового.

7. При возникновении разногласий в апелляционной комиссии проводится голосование и решение утверждается большинством голосов. Оформленное протоколом решение апелляционной комиссии доводится до сведения обучающегося.